# 60-ЖЫЛДАРДАГЫ “ЖЕЛАРГЫ ДООРУ”: ЖАҢЫЧЫЛДЫК ПАФОСУ

**АСАКЕЕВА ДИНАРА**
*ф.и.к., доцент К.Карасаев атындагы БГУ*

И. В. Сталиндин каза болушу менен Совет мамлекетинде “Сталиндик культ личносттун” каталыгын ачуу, репрессияланган инсандарды актоо иштери 50-жылдардын экинчи жарымында башталып, коом өзгөрүүгө кадам таштап, Хрущевдик «желаргы» (оттепель) доору келет. 1956-жылы 30-июнда КПССтин БК (б) «Жеке адамга сыйынуу жана анын кесепеттери» деген Токтомдун кабыл алынышы менен Сталиндик культличносту жок кылуу, репрессияга кеткен бейкүнөө инсандарды актоонун башталышы совет мамлекетиндеги эркин жашоонун башталышына жол ачкан (1). Бул албетте, биринчи адабият менен маданиятка тиешелүү болуп, адабият өзгөрүү жолуна түшөт, бул орус адабияты мененбашталып, көркөм чыгармачылык жанрдык да, тематикалык да, мазмундук да жактан жаңылануу жолун тандап алат, Мисалы, аскердик прозанын өнүгүшү, В. Войнович, Н.Вороновдор жараткан“шаардык неореализмдин” пайда болушу, В.Аксенов, А.Гладилин баштаган “психологиялык прозанын”адабиятка аралашышы,Б.Окуджава, Ю.Ким, В.Высоцкий ж.б. ырдашкан барддык ырлардын жаралышы, поэзиянын жаңы агымын башташкан Е.Евтушенко, А.Вознесенский, Б.Ахмадулина, И.Бродский ж.б. чыгармачылыкты жаңы нукка бурушу.

Адабияттагы бурулуш этап болду деген бул жылдары (60-жылдар) адабият таануу илимида болуп көрбөгөндөй алдыга кеткен, М. Бахтин, Ю.Лотман, С.Аверинцев, Д.Лихачев сыяктуу адабиятчы, сынчылардын келиши менен адабият таануу, адабий сын жаңылануу учурун баштарынан өткөрө баштаган.

Совет адабияты менен маданиятындагы ушундай өзгөрүү улуттук адабияттарга да таасирин тийгизип, кыргыз совет адабияты да зор жаңылануну, өзгөрүүнү башынан кечирет. Ошол эле мезгилде улуттук адабият бир жагынан чектелүүгө туштугат, бир жагынан жаңы сүрөткерлердин жаралышы, адабиятка аралашуусу менен жаңычылдык пафосун баштарынан өткөрөт.

Кыргыз адабиятынын тарыхындагы кызыктуу жана татаал учур болгон XX кылымдын дал ушул мезгилиндеги коомдук-тарыхый, саясий абал көркөм чыгармага маанилүү таасир калтыра алган. 60-жылдардын башында жаңыча башталмалардын орун ала башташы менен акырындап кызыктуу чыгармалардын жаралышына таасирин тийгизген. Мына ушул учурда чыгармачылыкка аралашкандоорубуздун улуу сүрөткери Чыңгыз Айтматов чыгармалары аркылуу кыргыз адабиятынын жаңыланышына, повесть жанрынын сапаттык жаңылануну башынан кечиришине жол ачкан.Мисалы, “Гүлсарат” повести - романдык мезгил-мейкиндиктерди камтып турган, роман тибиндеги повесттин улуттук адабиятта орун алышын баштаса, “Жамийла” повести аркылуу прозадагы ыр түрүндө жазылган лирикалык повестти улуттук адабиятка кийирсе, “Ак кеме”, “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повесттери аркылуу жомоктон – фольклордук мотивдерден азыктанышкан притчалык повесттерди жараткан. Жанрдык, мазмундук, формалык жактан дал ушундай жаңычылдыкты, өзгөрүүнү баштаса, сюжет куруу, адамды сүрөттөө ыңгайынан жөнөкөй турмуштан алынып, глобалдык маселелерди козгогон чыгармалары жазып, көркөм чыгармалардын жаңыланып турушун шарттайт.

Изденүү түйшүгүндө, жаңы ыкмаларды табууну күч менен баштаган залкар жазуучу сапаттык жаңылануну башынан кечирип,Союз боюнча жаңычылдыкка умтулууну баштоо менен бирге советтик сүрөткерлерди изденүү түйшүктөрүн баштарынан өткөрүшүнө жол ачкан. Мына ушундай чыгармачылыгынын натыйжасында аркасынан эчен мыкты акын-жазуучуларды ээрчите алган.

Өзгөчө таланттуу жазуучунун бул аракети совет адабиятына, албетте кыргыз адабиятына өзгөчө жылдарды тартуулаган. Ч.Айтматов баштаган плеяданын катарына М.Байжиев, М.Гапаров, К.Жусубалиев, К.Акматов, О. Султанов, Т. Кожомбердиев ж.б.у.с

жаш күчтөр кошулуп, поэзия жаатында да, проза жаатында да, драма жаатында да изденүү жүргөн. Булар адамдын эмгегин, кылган кызматын, кыймыл-аракетин сүрөттөп, адам мүнөзүн үстүртөдөн сүрөттөгөн салттуу көрүнүштөн качышып, дал ушул мезгилде “майрамдык адабиятты” жаратып жаткан “конфликтсиз теориясын” айланып өтүшүп, адамды сүрөттөөнүн жаңы ыкмаларын табууга умтулушкан. Адамга өзгөчө мамиле жасоо ыкмасын ыкташып, жан дүйнөнү көрсөтүү, лирикалуулукка ыктоо, психологизмдм багынтуу аракеттерин баштакандарынан улам улуттук адабиятты жанрдык да, формалык да жактан байышына жардамдашышкан.

Изденүүнүн мындай жаңы жолунун аркасында философиялык, психологиялык, социалдык-турмуштук чыгармаларды көбүрөөк жаратышып, чындыкты ар түрдүү деңгээлде көрсөтүү далалатын башташкан.Албетте, мындай жаңы нерселер, жаңы көрүнүштөр, жаңы ыкмалар талаш-тартыштарды чыгарып, карама-каршылыктарды жаратып, аны кабыл албагандардын да көп чыгышын шарттайт эмеспи. Ошондуктан ал убакта мындай сүрөткерлерди да, чыгармаларды да кабыл албагандар, түшүнбөгөндөр көп чыккан.

Кыргыз совет адабияты модернизм доору дал ушундайча 60-70-жылдары баштаган. Кийин модернизм доорунун өкүлдөрү деген атка конгон акын-жазуучулар жаңыча өнүгүүгө, изденүүгө бет алышып, улуттук адабиятынын чегинен чыгып, дүйнөлүк адабиятка аралашуу максатында жаңы реалисттик башталмаларга кадам ташташкан. Изденүүнүн аркасында ар кыл ыкмаларды билгичтик менен пайдаланган көркөм чыгармаларды жаратууга киришишкен.

Ошону менен чыгармачылыктагы бурулуш жылдар башталган десек болот, анткени буга чейинки “ыр селинин” капташы, талантсыз ырлардын, халтуранын көбөйүшү, жеңил-желпи ырлардын көп жазылышы сыяктуу кедергилерди жоюу аракети акырындап башталат да, поэтиканы жаңылоо жана байытуу жагына, формалык мүмкүнчүлүктөрдү туюнтуу каражаттарынын өнүгүшүнө, поэтикалык жаңы бийиктикке чыгуу аракети модернисттик башталманы баштап, изденүү процесси жүрө баштаган. Мына ушунун натыйжасында: өз мезгилинин социалдык жана руханий керектөөлөрүн чагылдыруу аракети, улуттук аң-сезимдин жана өзүн-өзү аңдоонун өсүшүнүн натыйжасында тарыхка кызыгуу, анын бүгүнкү күн жана жалпы адамзаттык маселелер менен байланыштыруу, жаңы ыр формалардын (ак ыр, верлибр ж.б.) орун алышы, стилдик изденүүлөрдүн (реалисттик, шарттуу-романтикалык, лирика-публицистикалык стилдер) пайда болушу, буга чейин идеологиянын таасиринен, талабынан улам жакшы өнүкпөй калган жанрлардын (мисалы, элегия жанры) өнүгүү жолуна түшүшү сыяктуу жаңычыл көрүнүштөр кыргыз поэзиясынын сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрүн, эстетикалык табылгаларын кеңейтүүгө жол ачкан.

Бирок, жаңылыкка умтулуу түшүнбөөчүлүккө алып келген, маселен, бул жылдары поэзиядагы бейуйкаштыкты жерүү, кабыл албоо кандайдыр бир деңгээлде орун алган, мисалы, Т. Үмөталиевдин “Рамистен башкасынын баары кайра өз короосуна кайтып келишти” деген К. Асаналиев менен болгон деген маегинде айтылгандай (2) уйкаштыкты ээрчүүнү колдоо, же болбосо жаны формаларды жерүү дагы эле болуп жаткан.

Изденүү, синтезге умтулуу Ж. Мамытов, Т. Кожомбердиев, О. Султанов сыяктуу алгылыктуу жышааналар болуп жатса да, А. Осмонов сыяктуу жоон топ арасынан суурулуп чыккан, поэтикалык башкы фигура көпкө чейин чыга алган эмес. Бирок жаңычылдык пафос аздап башталган, маселен, Сүйүнбай Эралиев 1964-жылы «Жылдыздарга саякат» аттуу көпчүлүк түшүнө бербеген, мазмундук жактан да, тематикалык жактан да, формалык жактан да, ыр түзүлүшү жагынан да башкача поэмасы жарык көрөт. Поэманы көпчүлүк кабыл ала беришпейт, буга биринчиден, анын мазмуну себеп болду окшойт, космос мейкиндигин өздөштүрүүдөгү философиялык маңыз түшүнбөчүлүккө алып келген. Экинчиден, ыр куроонун башкачалыгы көпчүлүктү чоочулаткан, поэма совет адабиятында жакшы кабылданып, орус тилине которулуп, жакшы сындар айтылып жатса да улуттук адабий чөйрөдө кабылданбай, социалисттик

реализм методунун алдыңкы акыны А. Токомбаев адегенде «Декадентчилик жана анын кесепеттери» деген макала жазат, бирок С. Жигитовдун айтымында макала Сталиндик бийликтин саясий айыптоо мааанайында жазылгандыгына байланыштуу республикалык газеталарга чыгара албайт.

Мындан кийин КЖС жай айында поэма тууралуу жыйын өткөрүүгө жетишет, бирок талкууда да идеясы бузук чыгарма катары поэманы каралай албай калат. Мындан соң да жөн калбастан Кыргызстан КП БКга «Эралиевдин «Жылдыздарга саякат» поэмасына тиешелүү талаш-тартыштардын жана талкуулардын издерин териштирип» деген атта кат жазат. Катында поэманы Ч. Айтматов «эркин чыгармачылык» деген чуулгандуу теорияга таянып, «Правда» газетасына жарыялатканын, поэмага карата сын айткандардын добушун басып койгусу келип жатканын, чыгармага ленинчил принциптүүлүктүн негизинде баа бербей жаткандыгын, Токомбаевдин партиялык абийири мындай каталыкка жол бербестигин айтып, муну идеологиялык уюмдар, партиялык жетекчилик тыят деп ишенгендигин билдирген.

А. Токомбаевдин бул дооматы көркөм аң-сезим башынан өткөрө турган түбөлүктүү мыйзам-ченемди караманча тангандыгын далилдейт, же болбосо М. И. Стеблин-Каменскийдин пикири менен айтканда: “Ким көркөм чындыкты жаратса, ал чыгармачылык кабыл алууну, өздөштүрүүнү, так айтканда, болгон чындыкты болгондой берүү эмес экендигин түшүнөт” – деген теорияны кабыл албагандыгын далилдейт.

Идеолог акыныбыз адабиятка болгон мамиле өзгөрүп, нравалуулукка умтулуу болуп жаткан бул жылдарда социалисттик реализм методунун талаптарын толук аткарып жана башкалардан талап кылып, аткартып келген куру дооматын дагы деле болсо койгон эмес, бирок анын аракети канчалык күчтүү болбосун, Сталиндик тоталитаризм мезгили бүткөндүгүнө байланыштуу четке кагылган.

Дал ушул жылдары кыргыз прозасы жаңылоого умтулган, жогоруда атап кеткендей жазуучулардын жаш мууну делгентоптун ичиндеги Кубатбек Жусубалиев аттуу жаш жазуучу өзгөчөлөнгөн чыгармалары менен адабиятка аралашкан. Чыгармачылыкка жаныдан киришкен сүрөткер жалпы совет адабияты башынан өткөрүп жаткан “конфликтсиздик теориясындагы” чыгармаларды жаратып жаткан мезгилде адамды сүрөттөөнүн улуттук адабиятта жаңы нугун баштоону көздөп, улуттук адабиятка сүрөттөөнүн жаңыча багытын кийирүүгө умтулуу мененреалдуу турмуштун чындыгын чагылдырууга аракеттенген. Тагыраак айтканда, изденүүнүн кыргыз адабиятындагы жаңы жолун, жаңы тенденциясын ачуу аракетин көргөн.Анын башка акын-жазуучулардан айырмаланып мындай изденүүсүнүн түбү Европа жана дүйнө адабиятынан үлгү алгандыгы, экзистенциалисттик багытты өздөштүргөндүгү себеп болгон.

К. Жусубалиев өнүккөн адабияттарды үйрөнүү аркылуу жана дүйнөлүк адабиятка таасирленүү, тууроо, өзүн-өзү талдоо ыкмаларын өздөштүрүп, «башкача», жаңыча стилде, өзгөчө ыкмада жазылган модернисттик агымдагы жазуучулардын чыгармаларын өздөштүрүүнүн натыйжасында модернисттик дүйнөтаанымды улуттук адабиятка кийирип, багыттын кыргыз адабиятында орун алышына жол ачты. Тагыраак айтканда, «Муздак дубалдар» романы менен модернисттик багытты кыргыз адабиятында баштап берди, романдын окуясы, автордун баяндоосу, колдонулган сүрөттөө каражаттары да кыргыз көркөм чыгармаларынан таптакыр башкача. Жазуучунун сүрөттөө ыкмасы «гармония жөнүндөгү ой-агымда» берилген, каарманды мүнөздөөдө аны «аң-сезимге келип-кетип турчу ойлордо» өнүктүрүп, дал ушул аркылуу адам мүнөзүн, адам психикасын ачып берүү максатын койгон.

Романда реалдуу чындык, персонаждар жаңы табылгалар менен сүрөттөлүп, башкы каармандын мүнөзү К. Жусубалиевге гана тиешелүү стилде ачылган. Маселен, башкы каарман Арыковдун образы менен адамдын ой-жүгүртүүсүнүн татаалдыгын ачып берүүгө жетишкен.

Жазуучу Арыковду «аң-сезимге келип-кетип турчу ойлордо» сүрөттөө менен адамдин психикасынын татаалдыгын, өзгөрмөлүүлүгүн ачып көрсөткөн. Арыков жумшак,

өтүмсүз, элге, коомго аралашып кете албаган тартынчаак мүнөздөгү адам, модернисттик адабияттын теориялык окуусуна ылайык термин менен айтканда пассивдүү адам. Ал турмуштун кара жагын (өлүм-житим, жамандык, жоготуу, ишеничтен айрылуу) жакын кабыл алат да, жеке керт башынын кайгысын, трагедиясын аңдап келип, бул дүйнөнүн мааниси да, маңызы да жок деп сезет. Арыковдун мына ушундай сезим-ойлору аркылуу автор өмүр-өлүм философиясын койгон.

Модернисттик адабият жаңы табылгаларга, изденүүлөргө, жеке стилге ээ болууга жык эмеспи, К. Жусубалиев да жеке өзүнө гана тиешелүү стилди табууга аракеттенип, тилдик каражаттарды колдонууну, диалектизмди, айрыкча алай говорун өтө жыш колдонуу, грамматикалык эч бир эрежеге баш ийбей, өзү тапкан «стилде» жазууну колго алып, сүйлөмдөрдү өтө узун жазуу, бир канча абзацтарга чейин сүйлөм бүтпөй, узарып кете бериши, вульгардык, жаргон сөздөрдү кеңири колдонууну, пунктуациянын эрежесине баш ийбөө, тилдик эрежеге баш ийбөө сыяктуу ыкманы метод катары кабылдоосуна жана ага ылайык жазгандыгына байланыштуу романды түшүнбөөгө, кабыл албоого алып келген. Ансыз деле кыргыз адабиятында анча орун ала элек (60-80-жылдар) учурда кыргыз окурмандарынын көбү түшүнүп, аңдай элек модернисттик чыгарманы кабыл ала албай жатканда «Муздак дубалдарды» мындай стилде жазуу көпчүлүктүн кабыл албоосуна түрткөн.

Чындыгында, К. Жусубалиев бул романды жаратууга теориялык даярдыкта келип, интеллектуалдуу романды жаратууга жетишкен жана социалисттик реализм методуна баш ийбестен, метод кеңири жашап турган мезгилде (60-жылдар) ага карама-каршы маанайдагы чыгармаларды жазып, улуттук адабиятта жекече жолун баштаган. Ал гана эмес Ч. Айтматов сыяктуу өзүнчө жол менен кетүүгө умтулган, тагыраак айтканда, жаңы көз караштагы жаңы адабиятты баштаган. Албетте, бул адабий процессте кабыл алынган эмес. Анткени социалисттик реализм дүйнөлүк искусствонун көптөгөн багыттарын четке каккан. Модернизм багытынан тартып авангардизм ж.б.у.с. багыттардын баарын чоочун нерсе катары өгөйлөп, аларды тааныгысы келген эмес. Ушул себептүү К. Жусубалиевдин романы, дегеле чыгармачылыгы «чоочун» сезилип кабыл алынган эмес.

Жаңыча ой жүгүртүү адамдын жеке аң сезимине, дүйнө түшүнүгүнө, ички маданиятына, руханий жан дүйнөсүнө, инсандык касиетине байланыштуу болот деп айтылгандай ар бир жазуучу билимине, улуттук адабияттын чегинен чыгып, дүйнөлүк адабиятты үйрөнгөндүгүнө байланыштуу новаторлукка умтулат эмеспи, мына ушуга жараша «60-лар» деген атка конгон жазуучулар «социалисттик реализм» багытынан алысташып, бул багытта жазууну четке кагышып, изденүүнүн жаңы этабын ушундайча башташкан.

**Адабияттар:**


1. Хруүев Н. С. За тесную связь литературы и искусства с жизнью народа. – М., 1958.
2. Үмөталиев Т. Рамистен башкасынын баары кайра өз короосуна кайтып келишти (К. Асаналиев менен болгон маек) // Кыргызстан маданияты, 1975, 17-апрель.